**ДОЛБООР (Версия 2/280925KG)**

**“Кыргыз тили” предметин эне тил катары окутуу үчүн окуу-методикалык комплекстин авторун (түзүүчү) тандоо боюнча конкурстун**

**Техникалык тапшырмасы**

(1–12-класстар)

## 1. Жалпы маалымат

**Конкурсту уюштуруучу:**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу “Окуу китеби” басма үйү” мамлекеттик мекемеси.

**Конкурстун предмети:**

Кыргыз тилин эне тил катары окутуу үчүн окуу-методикалык комплексти даярдоого авторду (түзүүчү) тандоо (1–12-класстар).

## 2. Конкурстун максаты:

Мамлекеттик билим берүү стандарттарына (МБС) жана КБАнын предметтик стандарттарына ылайык келген, этномаданий жана заманбап методикалык ыңгайга басым жасоо менен мыкты ата мекендик жана эл аралык тажрыйбага интеграцияланган (бириктирилген) кыргыз тилин бардык класстар үчүн эне тили катары окутуу үчүн окуу-методикалык комплексинин заманбап кол жазмаларын даярдоого жөндөмдүү квалификациялуу жана креативдүү авторлорду тартуу (авторду тандоо).

## 3. Иштин көлөмү

- МБСке жана КБАнын предметтик стандарттарына ылайык автордук кол жазмаларды иштеп чыгуу (тексттер, көнүгүүлөр, методикалык сунуштар, адабий тексттер).
- Материалдарды электрондук форматта даярдоо жана берүү – Microsoft Word (.doc) же LibreOffice Writer (.odt).
- Түзүмдөлгөн бөлүмдөрдү түзүү: грамматика, орфография, лексика, кеп маданияты, адабият, долбоорлор.
- Окуу роликтери жана мультимедиа материалдары үчүн сценарийлерди иштеп чыгуу (кыскача видеосабактар, көркөмдөлгөн сюжеттер, туура сүйлөөгө машыгуу үчүн аудио материалдар).
- Жумушчу топ менен кол жазмаларды макулдашуу.
- Экспертизанын жыйынтыгы боюнча талкууларга жана жеткире иштөөлөргө катышуу.

## 4. Талапкерлерге коюлган талап:

### 4.1 Милдеттүү талаптар

- Жогорку филологиялык же педагогикалык билим (“Кыргыз тили жана кыргыз адабияты” адистиги же ага жакын адистиктер).
- Кыргыз тилин эне тил же мамлекеттик тил катары окутуудагы 3 жылдан кем эмес тажрыйба же жеке жарыяланган/окуу материалдарынын болуусу.
- Кыргыз тилин эне тил катары окутуу боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарын (МБС) жана КБАнын предметтик стандарттарды билүү.
- Командалык ишке, мөөнөттөрдү сактоого жана экспертизанын натыйжалары боюнча оңдоолорду киргизүүгө даяр болуу.
- Заманбап педагогикалык мамилелерди билүү: баарлашуу аркылуу тилди окутуу, практикалык тапшырмаларды аткаруу, предметтин жана тилдин интеграциясы,

интерактивдүү жана мультимедиялык куралдар аркылуу маалыматты жеткире билүү.

- **4.2 Артыкчылыктуу талаптар:**

- Окуу китептерин, методикалык колдонмолорду, мультимедиалык же санариптик билим берүү ресурстарын иштеп чыгуудагы тажрыйба.
- Эл аралык программалар менен иштөө тажрыйбасы же эне тилге чет элдик окуу-методикалык комплекстерин адаптациялоо (жөнөкөйлөштүрүү).
- Ийкемдүү методологияны колдонуу көндүмдөрү (спринттер, командалык иш, милдеттерди бөлүштүрүү).
- Мультимедиа, долбоордук методдор жана заманбап санариптик куралдарды интеграциялоо жөндөмү.
- Кошумча жетишкендиктер: жарыяланган материал, сыйлыктар, конкурстарга катышуу, эксперттик ишмердүүлүк, илимий изилдөөлөр.

**5. Тандоо критерийлери:**

Талапкерлерди тандоо **эки баскыч менен** өтөт.

**1-баскыч. Сырттан тандоо.**

Биринчи баскычта талапкерлер документтердин жана материалдардын толук пакетин тапшырышат.

Берүү үчүн электрондук формага шилтеме жайгаштырылат:

- Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин расмий сайты (http://edu.gov.kg);
- “Окуу китеби” басма үйү” мамлекеттик мекемесинин сайты (http://okuukitebi.edu.kg)
- https://kitepkura.edu.kg/
- https://docs.google.com/forms/d/e/1FAIpQLSex_JtrzuRKNbBpfthVmZyC4Vji2rQoa-L-imkE_yrxDhOUJQ/viewform?usp=preview

**Документтердин пакетин жекече тапшырса да болот,** дареги: Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 257. 2-кабат, 101-кабинет (А.Гүлжигит кызы 0556101148)

**Комиссиянын курамы жана иши.**

Конкурсту өткөрүү үчүн “Окуу китеби” басма үйү” мамлекеттик мекемеси менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин буйругу менен бекитилген конкурстук комиссия түзүлөт.

Комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин, “Окуу китеби” басма үйү” мамлекеттик мекемесинин, Кыргыз билим берүү академиясынын өкүлдөрү жана педагогика, филология жана санариптик билим берүү тармагындагы көз карандысыз эксперттер, мамлекеттик тилди жайылтууда салым кошкон өкүлдөр, китеп басып чыгарууда мол тажрыйбасы бар эксперттер, дизайнерлер, редакторлор ж.б. кирет.

Комиссиянын курамы, анын иштөө тартиби, жыйындар протоколдору жана баалоо критерийлери Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин расмий сайтында жана “Окуу китеби” басма үйү” мамлекеттик мекемесинин сайтында табыштамаларды кароо башталганга чейин **5 иш күнүнөн кечиктирилбестен** жарыяланат.

Комиссиянын чечимдери протокол менен бекитилип, бардык катышкан мүчөлөр тарабынан кол коюлат. Протоколдор жана катышуучулардын акыркы рейтинги конкурстун ачыктыгын жана шайкештигин камсыз кылуу үчүн жарыяланат.

**Купуялуулук саясаты жана жеке маалыматтарды иштеп чыгуу.**

Талапкерлер тарабынан берилген жеке маалыматтар (паспорттун сканери, резюме жана башка документтер) конкурсту өткөрүү жана жеңүүчүлөр менен келишимдерди түзүү максатында гана колдонулат. Конкурсту уюштуруучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык купуялуулук менен жеке маалыматтарды коргоону камсыздайт. Берилген маалыматтар конкурс аяктап, милдеттер аткарылгандан кийин белгиленген тартипте архивде сакталат. Табыштамаларды берүү жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана сактоого талапкердин макул экендигин билдирет.

**1-баскыч.**

| № | Критерий | Максимум баллдар | Эскертүүлөр/ документтер | Баалоо шкаласы |
|---|---|---|---|---|
| — | **Паспортту скандоо жана макулдук берүү** | — | Талапкердин паспортунун көчүрмөсү же сканы (сүрөт жана маалыматтар жазылган жагы менен). | Талапкердин паспортунун көчүрмөсү же сканы (сүрөт жана маалыматтар жазылган жагы менен). **Сөзсүз тапшыруу керек; жок болсо табыштама жокко чыгарылат жана б**алл менен бааланбайт. |
| — | **Резюме (CV)** | — | Билими, профессионалдык тажрыйбасы, окуу китептерин жазуу тажрыйбасы, окутуучулук стажы, методикалык жана инновациялык көндүмдөрү чагылдырылат. | Билим, профессионалдык тажрыйбаны, окуу китептерин жазуу тажрыйбасын, окутуучулук стажды, методикалык жана инновациялык көндүмдөрдү чагылдырат. **Резюме сөзсүз тапшыруу керек; ансыз табыштама жокко чыгарылат.** Балл менен бааланбайт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Билими** | 10 баллга чейин | Билими жөнүндө дипломдун сканы же көчүрмөсү | • 5 балл – жогорку профилдик билим.<br>• 10 балл – профилдик билимдин болушу + илимий даража, квалификацияны жогорулатуу сертификаттары. |
| 2 | **Чет өлкөлүк окуу китептери жана программалары менен иштөөнү кошкондо окуу китептерин жана методикалык материалдарды иштеп чыгуу тажрыйбасы** | 10 баллга чейин | Эссе катары (3000 символдон ашпашы керек); окуу китебинин аталышын, чыккан жылын көрсөтүңүз; окуу китебинин өзүн же методикалык материалдарды тиркеңиз (кааласаңыз, жеке алып келсеңиз болот). Эскертүү: Окуу китептерин түзүүчүлөрдүн тажрыйбасы документ түрүндө тастыкталууга тийиш (ISBNден басылып чыккан көчүрмө, автордук келишим, автордук топко кошуу жөнүндө буйрук же башка расмий тастыктоо менен); андай болбосо тажрыйба жөнүндө маалымат баа берүүдө эске алынбайт. | • 3,4 жылдык тажрыйба – 5 балл.<br>• 5 жыл жана андан көп – 10 балл.<br>• жарыяланган материалдардын же окуу китептеринин болушу – +2 балл. |
| 3 | **Окутуучулук тажрыйба** | 10 баллга чейин | Документти тастыктаган скан же көчүрмө (эмгек китепчеси же маалым кат). | • 3,4 жыл – 5 балл.<br>• 5 жыл жана андан көп – 10 балл.<br>• Инновациялык методикаларды киргизүү үчүн кошумча баллдар. |
| 4 | **«Долбоорго көз карашым» (5 мүнөткө чейин)** | 20 баллга чейин | Автордук концепцияны, методикалык жана инновациялык чечимдерди, тапшырмалардын креативдүүлүгүн, мультимедиа колдонууну жана заманбап окуу китептерин түзүү боюнча сунуштарды чагылдырган 5 мүнөткө чейинки видео. Талапкер жаңы окуу китептерине өз көз | • 10 балл – идеяларды негизги сүрөттөө.<br>• 15 балл – заманбап түзүм, мультимедиа.<br>• 20 балл – инновациялык мамиле, креативдүүлүк, жаңы методдор жана санариптик куралдарды колдонуунун мисалдары. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | карашын, мультимедиа жана интерактивдүү тапшырмалардын интеграциясынын мисалдарын, түзүүчү катары инновациялык мамилесин жана жеке идеяларын көрсөтүшү керек. | |

**1-баскыч үчүн максимум -** 50 балл.

**2-баскычка өтүүчү балл – 50 баллдык мүмкүнчүлүктүн ичинен 35 баллдан кем болбошу керек.**

Баалоонун жыйынтыктары боюнча 35 жана андан көп балл алган талапкерлер конкурстун экинчи баскычына чакырылат. Өтүү баллын албай калган талапкерлер (50нүн ичинен 35 баллдан аз) документтерди тапшыруу учурунда (резюмеде/табыштамада) көрсөтүлгөн дарекке электрондук почта боюнча кабарландырылат.

**2-баскыч. Бетме-бет тандоо.**

**Биринчи баскычтын финалисттери презентацияга жана комиссия менен баарлашууга чакырылат**.

- **Презентация**: талапкер оозеки түрдө (же слайддарды колдонуу менен) долбоор боюнча өзүнүн көз карашын, келечектеги окуу китебинин түзүмүн жана мультимедиага карата мамилесин сунуштайт (10 мүнөткө чейин).
- **Баарлашуу**: комиссия методика, КБА стандарттары, креативдүүлүк жана талапкердин тажрыйбасы боюнча суроолорду берет.

| № | Критерий | Максимум балл | Эскертүүлөр/ документтер | Баалоо шкаласы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Презентация «Долбоорго көз карашым»** (слайддар/оозеки, 10 мүнөткө чейин) | 15 баллга чейин | Талапкер келечектеги окуу-методикалык комплексине өз көз карашын сунуштап, түзүмгө, мультимедиа жана санариптик куралдарына карата мамилесин көрсөтүп, окуу китеби катары МБСтин, КБАнын стандарттарынын жана окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнүн эске алынгандыгын так жана профессионалдуу түрдө баяндап берет, ошондой эле, креативдүү көнүгүүлөрдүн жана интерактивдүү | • 5 балл – идеянын жалпы сүрөттөлүшү, конкретикасыз.<br>• 10 балл – анык түзүм, мультимедиалык чечимдердин болушу, МБС жана КБС стандарттары менен байланыш.<br>• 15 балл – профессионалдык концепция, инновациялык мамиле, креативдүү чечимдер жана санариптик куралдардын интеграциясы. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | контенттин мисалдарын көрсөтүшү керек. | |
| 2 | **Тесттик тапшырмасы** (тексттин фрагменти+ көнүгүүлөр+ роликтин сценарийи) | 25 баллга чейин | 1-баскычтын тандоосунан кийин финалисттерге тапшырма берилет. Креативдүүлүк, КБАнын стандарттарына ылайык келүү, тапшырмаларды туюндуруу жөндөмү, мультимедиа интеграциясы жана сынчыл ой жүгүртүү текшерилет. | • 10 балл – стандарттарга базалык ылайык келүү.<br>• 15 балл – инновациялардын, креативдүү идеялардын болушу.<br>• 25 балл – методиканын жогорку деңгээли, оригиналдуу тапшырмалар, мультимедиа, сынчыл ой жүгүртүү. |
| 3 | **Комиссия менен баарлашуу** (суроолорго жооп берүү, компетенциялар, мотивация). | 10 баллга чейин | Комиссия методика, КБАнын стандарттары, талапкердин креативдүүлүгү жана тажрыйбасы боюнча суроолорду берет. сынчыл ой жүгүртүүсү, мотивациясы жана командада иштей билүү жөнөмдүүлүгү текшерилет. | • 5 балл – суроолорго базалык жооптор.<br>• 10 балл – эксперттик деңгээлди көрсөтүү, заманабап ой жүгүртүү, мотивация жана профессионалдык мамиле. |

**Тесттик тапшырма**

Биринчи баскычтын финалисттери тесттик тапшырманы алып, аны белгиленген мөөнөттө аткарып берүү керек.

**Формат жана көлөм:**

• **Текст фрагменти** — 5 бетке чейин (Microsoft Word .doc же LibreOffice Writer .odt).

• **Көнүгүүлөр** — 2 мисалдан кем эмес (ар кандай деңгээлдерде).

• **Роликтин сценарийи** — 2 мүнөткө чейин (сценарийдин тексти + визуалдык бөлүктүн кыскача сүрөттөлүшү).

**Аткаруу мөөнөтү:**

• Тапшырманы алган учурдан баштап 7 календарлык күн (конкреттүү күнү катта көрсөтүлөт).

• Тесттик тапшырма электрондук форма аркылуу же уюштуруучулар тарабынан көрсөтүлгөн дарекке жөнөтүлөт.

**Баалоо критерийлери**

• Мамлекеттик билим берүү стандартына жана КБАнын предметтик стандарттарына шайкеш келүүсү.

• Түзүмдүүлүгү, методикалык баалуулугу, жаш куракка шайкештиги.

• Креативдүүлүк, инновациялык элементтердин болушу.

• Мультимедиа менен интерактивдүү чечимдердин интеграциясы.

• Тилдик сабаттуулук жана материалдардын оригиналдуулугу.

**2-баскыч үчүн максималдуу балл -** 50 балл.

2-баскычтан өтпөгөн талапкерлерге электрондук почта аркылуу кабарландырылат. 2-баскычтын жыйынтыгы боюнча катышуучулардын акыркы рейтинги түзүлүп, конкурстун жеңүүчүлөрү менен келишимдерди түзүү жөнүндө чечим кабыл алынат.

**6. Конкурсту өткөрүү мөөнөтү:**

| **№** | **Мезгил** | **Иш-аракет / баскыч** | **Жоопкер тараптар** | **Комментарий** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2025-жылдын 10-октябрынан 10-ноябрына чейин | Конкурска табыштамаларды кабыл алуу, документтерди топтоо | Конкурсту уюштуруучулар, конкурстук комиссия | Электрондук форма же\жана жеке өзү аркылуу табыштамаларды берүү |
| 2 | 2025-жылдын 30-ноябрына чейин | Конкурстун 1-жана 2-баскычына өткөрүү: сырттан тандоо, тесттик тапшырмалары, баарлашуу. | Конкурстук комиссия | Мыкты талапкерлерди тандоо, ар бир класс үчүн авторлук топторду түзүү. |
| 3 | 2025-жылдын декабрь айы | Сынактын жеңүүчүлөрү менен келишим түзүү | Конкурсту уюштуруучулар | Ар бир класс үчүн (1–12) өз алдынча авторлук командаларды бекитүү. |
| 4 | 2026-жылдын январь-июнь айы | Ар бир класс боюнча окуу китептеринин кол жазмаларын даярдоо (параллелдүү иштеп чыгуу) | Тандалып алынган авторлор жана жумушчу топ | Ар бир топ өзүнүн классынын үстүнөн иштейт; ай сайын координациялоо |
| 5 | 2026-жылдын июль-сентябрь айы | Редакциялоо, апробация жана ондоолорду киргизүү | Жумушчу топ, эксперттер, авторлор | Биргеликте текшерүү, мектептерде пилоттук тестирлөө. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 2026-жылдын декабры | Кол жазмаларды бүтүрүп өткөрүп берүү, кабыл алуу-өткөрүү акттарына кол коюу | Конкурсту уюштуруучулар, авторлор | Бардык материалдарды жыйынтыктап бекитүү |

**7. Кол жазмага укуктар**

• Кабыл алуу-өткөрүү актысына кол коюлгандан кийин, түзүлгөн кол жазмага болгон бардык өзгөчө мүлк укуктары тапшырыкчыга — «Окуу китеби» басма үйү» мамлекеттик мекемесине өтөт.

• Тапшырыкчы укуктуу: кол жазмаларды жарыялоого, кайра иштеп чыгууга, шайкештирүүгө, башка тилдерге которууга, башка материалдар менен интеграциялоого, тираждоого жана таркатууга.

• Автор катары аталуу укугун сактайт, бирок тапшырыкчынын жазуу жүзүндөгү уруксатысыз кол жазмаларды берүүгө же жарыялоого укугу жок.

• Автор кол жазманын оригиналдуулугуна жана үчүнчү жактардын укуктарынын сакталышына кепилдик берет.

**8. Финансылык шарттар**

Кол жазмалардын авторлорунун-түзүүчүлөрдүн сый акысы тапшырыкчы (Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги / «Окуу китеби» басма үйү» мамлекеттик мекемеси) менен автор ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде баскыч боюнча ишке ашырылат.

• Төлөмдүн көлөмү конкурстун жыйынтыктары боюнча аныкталат (иштин көлөмү үчүн белгиленген сумма же ставка келишимде көрсөтүлөт).

• Төлөм баскыч боюнча жүргүзүлөт:

1. **Аванс** — келишимге кол коюлгандан кийин (мисалы, 30%).
2. **Кол жазмасынын алгачкы версиясы тапшырылгандан кийин** — кийинки бөлүк (мисалы, 40%).
3. **Кол жазманын акыркы версиясы бекитилгенден жана кабыл алуу-өткөрүү актына кол коюлгандан кийин** — акыркы эсептешүү (мисалы, 30%).

- Төлөм кабыл алуу-өткөрүү акты боюнча кабыл алынган иштин бекитилген көлөмү үчүн гана төлөнөт,
- Бардык төлөмдөр автордун эсептик эсебине же картасына накталай эмес которуу аркылуу (сом менен) жүргүзүлөт.
- Салык жана милдеттүү чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кармалат.

**9. Кол жазмалардын сапатынын критерийлери**

Кол жазмаларды кабыл алууда жумушчу топ жана эксперттер текшеришет:

- • МБС жана КБАнын предметтик стандарттарына ылайык келүүсү;
- • Окуучулардын жаш курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуулугу.
- • Материалдын түзүмдүүлүгүн жана логикалуулугу.
- Кол жазмалар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө адапцияланып, окуучулардын таанып билүүгө болгон кызыгуусун пайда кылып, кунт коюп көңүл бөлүүсүнө көмөк көрсөтүүчү формада берилиши;
- • Тилдик корректтүүлүктү, заманбап лексиканы, каталардын жоктугун.
- • Чыгармачыл көнүгүүлөрдүн, долбоордук тапшырмалардын, геймификациянын болушун жана сапаты;.
- • Мультимедиалык материалдардын интеграциясын (роликтердин сценарийлери, аудио, видео).
- • Материалдардын оригиналдуулугун, плагиаттын жоктугу;.
- • Методикалык баалуулугун (ар кандай деңгээлдеги тапшырмалар, дифференцияланган мамиле).
- • Тариздөө жана берүү боюнча талаптарга ылайыктуулугун (шрифт, формат, шилтемелер, QR-коддор).
- Материалдарда жашыл көндүмдөрдүн сакталышы.
- Окуу китебинин (ОМКнын) түзүлүшү, системалуулугу, мазмунунун ырааттуулугу;
- Материалдарда коомдо социалдык маанилүү жүрүм-турум көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн окуучулардын жаңы нерселерди табууга, үйрөнүүгө, өзүнө, башка адамдарга, курчап турган дүйнөгө аң-сезимдүү эмоционалдык позитивдүү мамиле жасоого болгон кызыгуусун колдоо жана өнүктүрүү үчүн методикалык инструменттердин натыйжалуулугу;
- -предметтик стандартта берилген жалпы концепциянын негизинде ОМКтын бардык компоненттеринин (окуу китеби, методикалык колдонмо жана иш дептери) өз ара байланышынын камсыз кылынышы.
- окуу китебинин (ОМК) мазмунунда терс стереотиптерди жаратуучу, адамдарды жынысы, рассасы, тили, майыптыгы, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча тикелей жана кыйыр басмырлоого өбөлгө түзүүчү тексттердин жана иллюстрациялардын болбошу;
- - окуу китебинин, ОМКтын, окуу куралынын мазмуну социалдык инклюзия боюнча материалдарды, анын ичинде этномаданий жана диний көп түрдүүлүк маселелерин, ошондой эле өзгөчө муктаждыгы бар адамдардын көйгөйлөрүн жана адам укуктарын сактоо маселелерин камтышы.
- Окуу китебинин (ОМК) мазмуну улуттук колоритти, баалуулуктарды (Улуттук нарк, Кыргыз жараны, Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолу ж.б. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын) эске алуу менен иштелип чыгышы.
- Материалдын жеткиликтүүлүгү жана альтернативдик жолдор: ар кандай окуу жолдору каралган: визуалдык, аудиовизуалдык, практикалык, интерактивдүү ж.б..

**10. Авторлорду колдоо жана окутуу:**

Конкурсту уюштуруучулар кол жазмаларды даярдоодогу бардык баскычтарында авторлорго методикалык жана эксперттик колдоо көрсөтөт.

**Колдоо форматтары**

• **Семинарлар жана тренингдер** (онлайн жана оффлайн) — кол жазмаларды даярдоонун бардык мезгил аралыгында айына 2 жолудан кем эмес.

• **Эксперттер менен консультациялар** (суроо-талап боюнча) — жеке же топтук онлайн-сессиялар.

• **Методикалык материалдар** — эскертмелер, чек-барактар, мыкты практикалардын мисалдары, окуу китептеринин үлгүлөрүнө жеткиликтүүлүк.

• **Координациялык жолугушуулар** — баскычтарды макулдашуу жана кайтарым байланышты алуу үчүн жумушчу топ менен ай сайын өтүүчү жыйындар.

**Катышуу милдеттүүлүгү:**

• Бекитилген жана жыйынтыктоочу семинарларга катышуу бардык авторлор үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

• Уюштуруучуларга кабарлоо менен, жүйөөлүү себептер менен гана иш-чараларга катышпаса болот.

**Мөөнөттөр жана план:**

- Семинарлардын жана консультациялардын графиги иштин бекитилген календардлык планы менен бирге алдын ала жарыяланат.